

**"Мыкты жаш окумуштуу" номинациясында 3-орун**

**Алишер кызы Салтанат 1993-жылдын 6-ноябрында Баткен облусунун Кадамжай районунда туулган (Кыргыз Республикасы), тарых илимдеринин кандидаты, ОшМУнун тарых жана юридика институтунун доценти.**

2015-жылы Кыргыз-Турк Манас университетин «тарых» адистиги боюнча аяктаган. 2017-жылы Россия Федерациясында Новосибирск Мамлекеттик университетинин «археология жана этнография» багыты боюнча магистратурасын аяктаган. 2017-2020-жылдары жогоруда аталган университеттин аспирантура программасын аяктап, 2022-жылы кандидаттык диссертацияны ийгиликтүү коргогон.

РИНЦ, УАК КР, ВАК РФ, Web of Science, Scopus маалымат базасына кирген 80 ден ашык илимий эмгектин, андан сырткары 2 жамааттык монографиянын автору. 30дан ашык Германияда, Россияда, Францияда, Түркияда, Кытайда, Иранда, Казахстанда, Өзбекстанда, Тажикстанда өткөрүлгөн эл аралык конференцияларда илимий изилдөө иштеринин жыйынтыктарын тааныштырган.[1]

https://www.facebook.com/saltanat.alisherkyzy/

[1] *Сынакка катышкан учурдагы маалыматтар



**Эрнисова Айгерим Эрнисовна, 1991-жылдын 24-апрелинде туулган, ф.и.к., Кыргыз-Орус Славян университетинин А.О.Орусбаев атындагы Орус тил институтунун орус тили борборунун жетекчиси.**

А.Э.Эрнисованын жетекчилиги астында орус тилин жана маданиятын жайылтуу боюнча көптөгөн сынактарды, ошондой эле Россиянын ЖОЖдору (РУДН, БФУ жана башкалар) менен өнөктөштүктө Кыргызстандагы орус тили мугалимдеринин жана окутуучуларынын квалификациясын жогорулатуу курстарын уюштуруп, ийгиликтүү өткөргөн.

А.Э. Эрнисова РИНЦ, УАК КР, ВАК РФ, Web of Science, Scopus маалымат базасына кирген 30дан ашык илимий макалалардын автору, анын ичинде орус жана кыргыз тилдеринин өз ара байланышы, тилдик аң-сезимдеги прецеденттик кубулуштардын иштеши боюнча эки тилдүүлүктүн ролун белгилейт. Мындан тышкары, А.Э. Эрнисова республикалык масштабдагы гана эмес, эл аралык деңгээлдеги (Москва, Орел – Россия Федерациясы, Могилев – Беларусь Республикасы, Душанбе – Тажикстан ж.б.) илимий-практикалык конференциялардын активдүү катышуучусу. 2020-жылы 10.02.20 адистиги боюнча “Чет элдик маданий чөйрөдөгү орус тилинин прецеденттик феномендери (Кыргызстандагы орус тилдүү дискурска негизделген)” деген темада кандидаттык диссертациясын коргогон.

А.Э. Эрнисованын улуттук мектептерде орус тилин жана чет тили катары орус тилин окутууда зор тажрыйбасы бар. Ошондой эле долбоорлордун жана гранттардын катышуучусу (2015-жыл – КР Билим берүү жана илим министрлигинин «Гармониялуу лингвистикалык коомчулук Кыргызстандын коопсуздугунун шарты» темасы боюнча гранты), орус тили боюнча кыргыз класстарга тесттерди иштеп чыгуу максатында (Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинен тарабынан чакырылган) (патент ПД № 0645637 – май, август 2018-ж.) жана «Орус маданиятынын элчилери» долбоорунун координатору жана аткаруучусу («Русский мир» фонду тарабынан каржыланган, 2022 ж.).

2024-жылы О.В.Дугина менен биргеликте орус тилинин башталгыч курсу үчүн «Орусча сүйлөйм» деген окуу китебинин автору болгон.[2]

https://www.instagram.com/aigerim_ernisova/profilecard/?igsh=MWZqbjN2M2N2M2tucg

[2] *Сынакка катышкан учурдагы маалыматтар